DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Осмонбеков К.Б., Рыскулбеков И.А.*

# ТАЛАС ОБЛУСУНУН СОЦИАЛДЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮШҮНҮН АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕК БАГЫТТАРЫ

*Осмонбеков К.Б., Рыскулбеков И.А.*

# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

*K.B. Osmonbekov, I.A. Ryskulbekov*

# MODERN STATE AND PROSPECTS OF SOCIO-ECONOMIC DEVELOPMENT OF TALAS OBLAST

*УДК: 332.1*

*Өлкөбүздүн экономикасынын туруктуу өнүгүшүнүн шарттарында Талас облусунун социалдык-экономикалык жактан өнүгүү көйгөйлөрү изилденет. Аймактын жалпы регионалдык дүң продуктусуна жана ошонун ичинде айыл-чарба жана өнөр жайдын регионалдык дун продуктусуна таасир берүүчү факторлор каралат. Облустун реалдык секторлорунун негизги тармактарынын өнүгүү ишмердүүлүгүн талдоонун негизинде облустун экономикасынын Евразиялык экономикалык биримдикке интеграциялоонун жолдору жана милдеттери аныкталат. Облустун өнөр жай тармактарын терен талдоонун негизинде тоо кен жана кайра иштетуу өнөр жайларын өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттары аныкталат. Аймактын экономикасынын өнүгүү темптерин жогорулатууда маанилүү болгон облустун экономикасына инвестицияларды жана ошонун ичинде чет элдик тике инвестицияларды тартуу маселелери изилденет. Аймактын экспорттук потенциалын жогорулатуу маселелери каралат. Ушуга байланыштуу Талас облусунун шарттарында айыл-чарба продукцияларынын экспорттоону жогорулатуу, ошонун ичинде кирешелүү тармак болгон тоо буурчакты экспорттоону көбөйтүү маселелери талданат. Талас облусунун келечек өнүгүшүндө ото маанилүү болгон айыл-чарба жерлерин мелиорациялоо жана экономиканы санариптештирүү көйгөйлөрү изилденет.*

***Негизги сөздөр:*** *аймактык дүң продукт, айыл-чарба продукциясы, дүң продукциясы, чет элдик инвестициялар, экспорт потенциалы, жерлерди мелиорациялоо, экономиканы санариптештирүү.*

*Исследуются проблемы социально-экономического развития Таласской области в условиях устойчивого развития экономики страны, анализируются темпы роста валового регионального продукта Таласской области за последние 5-7 лет. Рассматриваются факторы, влияющие на изменения валового регионального продукта региона, в том числе валового регионального продукта сельского хозяйства и промышленности области. На основе анализа развития деятельности основных отраслей реального сектора экономики определены основные задачи и пути развития экономики области в условиях ее интеграции в Евразийское Экономическое сотрудничество. На основе глубокого анализа основных отраслей промышленности области, были определены приоритетные направления развития отраслей промышленности, как горнорудная промышленность, перерабатывающая промышленность, и т.д. Исследуются вопросы привлечения инвестиции в экономику области, в том числе вопросы привлечения иностранных инвестиций, что имеет важное значение в повышении темпов развития экономики региона. Рассматриваются вопросы повышения экспортного потенциала региона. При этом, анализируются вопросы увеличения экспорта сельскохозяйственной продукции, в том числе фасоли, которая является наиболее рентабельной культурой в условиях Таласской области. Исследуются проблемы развития мелиорации земель, внедрения цифровизации экономики в регионе и их значение на повышения темпов развития экономики Таласской области в ближайшей перспективе.*

***Ключевые слова:*** *валовый региональный продукт, продукция сельского хозяйства валовая продукция, иностранные инвестиции, экспортный потенциал, мелиорация земель, цифровизация экономики.*

*The problems of social and economic development of the Talas region in the conditions of sustainable development of the country's economy are studied, the growth rates of the gross regional product of the Talas region over the past 5 years are analyzed. The factors influencing changes in the gross regional product of the region, including the gross regional product of agriculture and industry of the region are considered. Based on the analysis of the development of the main sectors of the real sector of the economy, the main tasks and ways of development of the region's economy in terms of its integration into the EAEU are defined. Based on deep analysis of the main sectors of the region, identified priority directions of development of industries like mining, processing industry, etc. The article studies the issues of attracting investment in the regional economy, including the issues of attracting foreign investment, which is important in increasing the pace of development of the region's economy. The issues of increasing the export potential of the region are considered. At the same time, the issues of increasing the export of agricultural products, including beans, which is the most profitable crop in the Talas region, are analyzed. The problems of land reclamation development, the introduction of digitalization of the eco-*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*nomy in the region and their importance in increasing the rate of economic development of the Talas region in the near future.*

***Key words:*** *gross regional product, agricultural output gross output, foreign investment, export potential, land reclamation, digitalization of the economy.*

Кыргыз Республикасынын социалдык экономикалык өнүгүшүнүн туруктуу темптерин камсыз кылууда өлкөбүздүн аймактарынын экономикалык өнүгүшүнүн темптерин жогорулатуу, эл чарба тармактарына заманбап жаңы технологияларды кийирүү зор мааниге ээ болот. Ушуга байланыштуу 2019-жыл Президентибиз Жээнбеков Сооронбай Шариповичтин жарлыгы менен «Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештиүү» жылы деп жарыяланды. Аталган жарлыкты иш жүзүнө ашыруу максатында аймактарга инвестицияларды тартуу, санариптик технологияларды кийирүү аркылуу аймактардын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу менен алардын өнүгүү темптерин арттырууга жагымдуу шарттарды түзүп берүү милдеттери коюлду. Ушул милдеттерди аткарууда Талас облусубуздун азыркы учурдагы социалдык экономикалык өнүгүшүнүн көйгөлөрүн талдоо жана ал аркылуу келечек өнүгүшүнүн негизги багыттарын аныктап берүү чоң мааниге ээ болот.

Талас облусу республикабыздын чакан аймактарынын бири болуп саналат. Азыркы күндө, статистикалык маалыматтарга таянсак, 2017-жылы Талас облусунда өлкөбүздүн калкынын 4,15 пайызы жашайт жана регионалдык дүң продукциянын 3,1 пайызы, айыл-чарба дүң продукциясынын 9,5 пайызы өндүрүрүлөт [1].

Талас облусу өлкөбүздүн агрардык аймактарынан болгондугуна байланыштуу өлкөбүздүн калкынын керектөөлөрүн азык түлүк менен камсыз кылууда жана ошондой эле айыл чарба продукцияларын тышка экспорттодо маанилүү ролду ээлей турганыбызды белгилеп кетүүгө тийишпиз.

Ушуга байланыштуу облустун экономикасынын өсүш темптерин талдап көрдүк (табл. 1.).

*Таблица 1*

**Регионалдык дүң продукт жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү боюнча Талас облусунун көрсөткүчтөрүнүн өсүш динамикасы ***

| Показатели | Годы | | | | | | 2017-ж. 2012-ж. пайыз менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | |
| Калктын жан башына эсептегенде өндүргөн регионалдык дүң продукт (сом): | | | | | | | |
| Кыргыз Республикасы | 58007,1 | 65016,3 | 71801,2 | 75496,6 | 81777,8 | 89255,9 | 153,9 |
| Талас облусу | 41088,6 | 47350,8 | 57050,8 | 59906,7 | 59774,5 | 63916,1 | 155,6 |
| Регионалдык дүң продуктуну өндүрүү, млн. сом | 9 458,6 | 11 094,3 | 13583,8 | 12281,4 | 14710,5 | 15340,1 | 162,2 |
| Өлкөнүн регионалдык дүң продуктуда Талас облусунун үлүшү, пайыз менен | 3,05 | 3,1 | 3,4 | 2,8 | 3,1 | 3,1 | х |
| Айыл чарба продукцияларын өндүрүү, млн. сом | 14525,4 | 17939,7 | 20256,6 | 17203,2 | 17241,3 | 19049,0 | 131,1 |
| Өлкөнүн айыл чарбасында Талас облусунун үлүшү, пайыз менен | 8,6 | 10,7 | 10,6 | 8,9 | 9,0 | 9,37 | х |
| Өнөр жай продукцияларын өндүрүү, млн. сом | 773,0 | 844,1 | 981,1 | 895,9 | 966,2 | 1283,9 | 166,0 |
| Өлкөнүн өнөр жайында Талас облусунун үлүшү, пайыз менен | 0,56 | 0,49 | 0,57 | 0,49 | 0,47 | 0,55 | х |

***** Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын улуттук эсептери, 2011-2015-жж. / Жылдык басылмалар. Бишкек, 2016. - 15, 161-беттер; Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын 2017-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн абалы. - Бишкек, 2018. - 137-б.

Таблицанын маалыматтары көрсөткөндөй, 2017-жылы 2012-жылга салыштырмалуу облустун регионалдык продуктусунун өсүшү 62,2 пайызды, айыл-чарба продукциясыныкы 31,1 пайызды, өнөр жай продукциясыныкы 66,0 пайызды түздү. Өзүңүздөр көрүп тургандай, 2017-жылы 2012-жылга карата айыл-чарбасынын өсүш темпи начар болсо дагы, өлкөбүздүн айыл-чарбасында анын үлүшү жогорулагандыгы байкалат. Ал эми өнөр жай продукциясынын үлүшү такыр жогорулаган эмес жана анын өлкөдөгү үлүшү 0,55 пайыз эле экен. Азыркы учурда калкыбыздын жан башына эсептегенде 63,9 миң сомдук регионалдык дүң продукция өндүрөт экенбиз. Бул көрсөткүч республикабызга салыштырмалуу 30

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



пайызга төмөн болууда. Облусубуздун калкынын киресесинин жан башына эсептегендеги деңгээли да 4163,3 сомду түзүп, өлкөбүздүн көрсөткүчүнөн 12,2 пайыз төмөн болууда. Ушуга байланыштуу, биздин облусубуздун өнүгүшү үчүн маанилүү болгон тармактарды жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу жолдорун аныктоо маанилүү экендигин белгилеп коюуга тийишпиз.

Алдыбызга койгон эң негизги милдеттерибиздин бири облусубуздун экономикалык жана социалдык өнүгүүсүн камсыздоо жана ошонун негизинде калкыбыздын жашоо деңгээлин, турмуш тиричилигин жогорулатуу, элдин чечилбей келген көйгөйлүү маселелерин чечүү болуп саналат.

Азыркы учурда Талас облусунун келечек өнүгүүсүндөгү маанилүү тармактардын бири болуп өнөр жай өндүрүшүн, ошонун ичинен тоо кен тармагынын өндүрүшүн жогорулатуу болуп саналат. Учурда, Талас облусу боюнча тоо-кен тармагын иштетүү аркылуу облусунун экономикасын көтөрүүгө боло тургандыгын турмуш далилдөөдө. Азыркы күндө ушул максатта облустагы кендерди чалгындоого жана издөө жумуштарына жалпысынан 58 лицензия берилген жана анын ичинен 33 компаниясы лицензия үчүн төлөмдөрүн төлөшүп, лицензияда белгиленген ишмердүүлүктөрүн жүргүзүшүүдө. Азыркы учурда облусубуздун алтын кенин иштетүү аркылуу облусубуздун экономикасын көтөрүүгө зор өбөлгөлөр түзүлөт эле. Бул багытта Талас облусунун экономикасынын өсүшүнө Жерүй кенинин мааниси өтө чоң болуп эсептелет жана анын сметалык наркы 450,0 млн. АКШ долларына барабар. Бүгүнкү күндө "Жер-үй" алтын кенинде алтынды кайра иштетүүчү фабриканын курулуш иштери башталды. Түзүлгөн келишимге ылайык "Жерүй" алтын кенинде алтын казылып башталгандан кийин, жылына казылып алынган алтындын наркынан 2% Талас облусунун өнүктүрүү фондуна которулуп берилип турат. Ошонун негизинде эле жыл сайын 400,0-500,0 млн. сомго жакын салыктар мамлекеттик бюджеттин казынасына түшүп турат. Салыштырып айтканда, облустун мамлекеттик бюджетине салыктын бардык түрүнөн бир жылда орточо эсеп менен алганда 500,0 млн. сомдун тегерегинде салыктар чегерилет.

Облусубуздун тоо-кен тармагында иштеп жаткан компаниялардын иштерине тоскоолдук жаралбашы үчүн, мыйзамдуулуктун жана укуктук тартиптин сакталышы, жергиликтүү элдердин инвесторлорго каршы иш-аракеттерине жана коомдук-саясий абалдын курчушуна жол берилбеши боюнча, тоо-кен ишканаларынын региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы тууралуу калкка маалымат берип туруу чоң мааниге ээ болот жана бул боюнча атайын иш-чаралар көрүлүүдө.

Облусубуздун экономикасын жогорулатууда анын экспорттук потенциалын көтөрүү болуп саналат. 2018-жылы Талас облусу дүйнөнүн 58 өлкөсү менен соода жүргүздү. Талас облусу боюнча 2018-жылы **экспорттун көлөмү** 36,6 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми **импорттук түшүүлөр** 25,6 млн. АКШ долларын түзүп, өткөн жылга караганда 15,7 эсе көп болгон [2].

Бирок, 2018-ж. экспорттун көлөмү азайып кеткендиги байкалууда жана анын негизги себеби болуп, экспортко кетүүчү төө буурчактын баасы төмөндөп кеткени менен байланыштуу болууда (табл. 2).

*Таблица 2*

**Талас облусундагы товарлардын экспорту жана импортунун 2013-2018-жж. өсүш динамикасы (миң АКШ доллары менен) ***

| № п/п | Көрсөткүчтөрү | Жылдар | | | | | | 2018-жыл 2013-жылга, пайыз менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | |
| 1. | Экспорт -бардыгы | 56,0 | 46,23 | 35,06 | 48,46 | 40,2 | 36,6 | 65,4 |
| | анын ичинен: | | | | | | | |
| 2. | Мал эти | 2,13 | 1,6 | 1,01 | 0,15 | 0,1 | 0,12 | 5,6 |
| 3. | Төө буурчак | 51,54 | 43,11 | 30,97 | 41,05 | 36,79 | 34,7 | 67,3 |
| 4. | Импорт-бардыгы | 2,4 | 40,27 | 26,8 | 22,9 | 1,86 | 25,6 | 10,7 эсе |

* Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы 2013-2017-жж. - Бишкек, 2018. - С. 135; Статистикалык жыйнак: Талас облусунун социалдык экономикалык абалы, 2018-жыл үчүн. - Талас шаары, 2019. - 37-б.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Жогорудагы таблицанын маалыматтары көрсөткөндөй, 2018-жылы 2013-жылга караганда экспорттун көлөмү 34,6 пайызга төмөндөп кеткен. Бирок, импорттун көлөмү 10,7 эсеге жогорулаган. Экспорттун түзүмү боюнча талдасак, 2018-жылы экспорттолгон продукциянын жалпы суммасы 36,6 млн. долларды түзсө, анын 34,7 млн. доллары же 94,8 пайызын төө буурчак түзгөн. Ушуга байланыштуу азыркы күндө төө буурчакты облустун ичинде кайра иштетүү аркылуу облустагы кайра иштетүүчү тармактарды өнүктүрүү маселесин коюп жатабыз жана ошол аркылуу экспорттун көлөмүн өстүрүү боюнча милдеттерди коюп жатабыз.

Талас облусунун келечек өнүгүшүнө тике инвестицияларды тартуу чоң мааниге ээ болот. Облус боюнча 2018-жылы негизги капиталга 2422,5 млн. сомдук инвестициялар тартылып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 156,2 млн. сомго, же 100,6% пайызга көп тартылды. Анын ичинен райондор боюнча карасак, капиталдык салымдардын өсүү темпи Бакай-Ата районунда 1,1 эсеге, Кара-Буура районунда 1,5 эсеге чейин көбөйдү. Өткөн жылы облусубузга жалпы тартылган инвестициялардын ичинен ички инвестиция 1494,7 млн. сом тартылып, капиталдык салымдардын (инвестициялык каражаттардын) ичинен республикалык бюджеттен 430,2 млн. сом, же жалпы капиталдык салымдын 17,7% түздү. Тышкы инвестиция 927,9 млн.сом тартылып, анын ичинен чет өлкөлөрдүн насыялары 847,2 млн. сом (“Талас-Тараз-Суусамыр” автожолун кайра калыбына келтирүүгө), же 35,0%, мекеме ишканалардын каражаттары 137,9 млн. сом, же 5,7% жана элдин өздүк каражаттары 912,3 млн. сом өлчөмүндө, же 37,7% жана грант жана гуманитардык жардамдар 80,6 млн. сом өлчөмүндө, же 3,3% болду.

Жеке турак жайларды курууга 2018-жылы (баалоо боюнча) негизги капиталга инвестициянын 521,7 млн. сому колдонулду.

Айыл жергесинде 33,0 мин. чарчы метр турак жай ишке киргизилди, бул жалпы пайдаланууга берүүнүн 82,2 пайызын түздү [3].

Облусубуздун келечек өнүгүшүндөгү маанилүү багыттардын бири болуп, жаңы жумушчу орундарын түзүү аркылуу элдин жашоо деңгээлин жогрулатуу болуп саналат жана азыркы күндүн маанилүү маселелери болуп саналат. Жаңы ишканаларды ачуу жана жаңы жумуш орундарын түзүү боюнча 2018-жылы облусубузда ар кандай багыттардагы 71 жаңы ишкана ачылып, 959 жаңы жумушчу оруну түзүлгөн. **Анын ичинен Талас шаарында** 12 чакан жана орто ишкана ишке кирип 79 жаңы жумушчу орун түзүлдү. **Талас району** боюнча 16 чакан жана орто ишканалар ачылып, жалпысынан 68 жумушчу оруну түзүлгөн. **Бакай-Ата району** боюнча 12 чакан жана орто ишканалар ачылып, жаңы 329 жумушчу оруну түзүлгөн. **Кара-Буура району** боюнча чакан жана орто 18 жаңы ишканалар ачылып, 418 жаңы жумушчу орундары түзүлгөн. **Манас району** боюнча чакан жана орто 13 жаңы ишкана ачылып, жаңы 65 жумушчу оруну түзүлдү [4].

Жаңы иш орундарын камсыз кылуу боюнча чакан жана орто бизнести ролу өтө чоң жана ал аркылуу облусубуздун экономикасын өнүктүрүү багыттарынын бири болуп эсептелет. Бирок, жеке ишкердикти өнүктүрүүдө ишкер адамдарга банктардан жеңилдетилген түрдө насыяларды берүү аркылуу колдоо көрсөтүү жакшы ийгиликтерди жаратат десек болот.

Бул багытта банктар жана чакан кредиттик мекемелеринин облустун чакан жана орто бизнести өнүктүрүү багытында иш алып барган жарандарын насыялар менен эффективдүү камсыз кылуусу боюнча ишмердүүлүгүн белгилеп койсок болот. 2018-жылы 40691 жаранга жалпысынан – 2839,5 млн сомдук насыялары берилген, же өткөн 2017-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 442,8 млн сомго көп берилген. Экономиканын тармактары боюнча алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Талас облустук башкармалыгынын маалыматы боюнча берилген насыялардын негизги үлүштүк салмагы: айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө (48,7%) туура келсе, 25,1% - соода сатыкка, курулуш тармагына - 4,9%, өнөр жай товарын өндүрүүчүлөргө - 0,4% жана башка тармактарга 20,8% туура келет [5].

2016-жылы “Талас облусунун өнүктүрүү фондусу” түзүлүп, ал фондго “Жерүй” алтын кенин иштетүүгө берилген лицензиянын эсебинен 170,3 млн. сом акча каражаты которулуп берилген. 2019-жылдын 8-январына карата, өнүктүрүү фонд тарабынан Бакай-Ата, Кара-Буура, Манас райондорунан жана Талас шаарынан жалпысы болуп 115 долбоор кабыл алынган.

Бүгүнкү күндө 25 айыл аймагынан 65 долбоор түшкөн жалпы наркы 182,1 млн. сом акча каражатына долбоорлор жактырылып тендер жарыяланган. Анын ичинен айыл аймактардан алынып келген 65 долбоор боюнча 146,1 млн сом которулуп берилген. Облустагы ишкерликти өнүктүрүү багытында 2018-жылга карата Кыргыз-Орус өнүктүрүү фондусу тарабынан Талас облусуна ар кандай багыттардагы 42 долбоорго насыя катары 149,0 млн. сом акча каражаты берилген [6].

Жалпы облус боюнча 80 долбоор ишке ашып жалпы баасы 135,7 млн. сомду түзүп өздүк салым 31,6 млн. сом болду [7].

Бирок белгилеп кетүүчү нерсе, облуска түшкөн инвестициялардын көлөмү өлкөбүздүн масштабы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



менен алганда дагы эле аз болуп калууда, же болбосо облуска түшкөн инвестициялардын үлүшү жалпы өлкөбүзгө түшкөн сумманын пайызын гана түзүүдө.

Облусубуздун экономикасынын өнүгүшүнүн негизги багыттарынын бири болуп Евразиялык экономикалык биримдиктин аймагына кирүү менен экономикалык жана соода карым катнаштарын жогорулатуу болуп саналат. Бирок, алардын талаптарына ылайык, облусубуздун аймагында заманбап, аталган аймактын бирдиктүү талаптарына жооп берүүчү фитосанитардык жана ветеринардык **лабораториялардын** болуусу шартталган.

Ушул багытта, 2018-жылдын 27-апрелинде ветеринардык лабораториянын имараты негизги каражат катары Түндүк регион боюнча ветеринардык диагностика жана экспертиза борбору ишке киргизилген.

Жаңыдан курулуп бүткөн ветеринардык лабораторияны акыркы үлгүдөгү лабораториялык жабдуулар менен жабдуу маселеси өтө актуалдуу болгондуктан, үстүбүздөгү 2018-жылдын аягына чейин бүткөрүү боюнча тийиштүү мамлекеттик органдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тапшырмасы берилген.

Кара-Буура районундагы фитосанитардык лабораториянын ачылышы 2017-жылдын 9-мартында КР премьер министри С.Ш. Жээнбековдун катышуусунда болуп, бүгүнкү күндө толук кандуу иштөөдө. Азыркы учурда Талас облусунун Талас шаарында жалпы 3 мал союучу жай курулган. Ал эми, Талас облусунда заманбап мал союлуучу куруу үчүн 2016-жылы Кара-Буура районунун Чолпонбай айыл аймагындагы территориядан ХАССП стандарттарына ылайык мал союлуучу жай жана соода-логистикалык борборун курууга 8,4 га жер аянты тандалып, бөлүнүп берилген.

Облусубуздун экспорттук потенциалын жогорулатууда логистикалык борборлордун мааниси зор. Учурда, облуста мөмө-жемиш, жашылчаларды топтоо жана сактоо үчүн 5 ири муздаткыч бар жана алар негизинен алманы сактап, жазында сатыкка жана экспортко чыгарганга ылайыкташкан. Бирок, жогорудагы ири муздаткычтар ЕАЭБнин техникалык регламентине жооп бербейт.

Талас облусунун өнүктүрүү фонду тарабынан Кара-Буура районуна караштуу Аманбаев айыл аймагына 2017-жылдын сентябрь айында сметалык наркы 12,3 млн сомдук, жаны типтеги вакумдук муздаткычты куруу иштери башталып, 2018-жылдын март айынын акыркы жумаларында бүтүшү күтүлүүдө. Аталган муздаткычка дыйкандар жашылча, жемиштерин сактап, жашылчаларын экспортко чыгарып сатууга шарт түзүлмөкчү. Ал эми, Талас шаарында логистикалык борбор куруу үчүн жер участогу аныкталууда. Аталган долбоор Талас шаарынын 2018-2022-жылдарга карата өнүгүү программасына киргизилип, алдын ала эсептелген маалыматка ылайык жалпы наркы 19,0 млн. сомду түзгөн кубаттуулугу 1000 тоннага чейинки логистика борборунун долбоору иштелүүдө.

Облусубуздун айыл чарба тармагын өнүктүрүүдө суу чарбасын өнүктүрүүнүн чоң мааниси бар. Талас облустук бассейндик суу чарба башкармалыгынын маалыматтары боюнча, бул багытта Кара- Буура районундагы Сарымсак ички чарба каналы боюнча чектелген иштер толугу менен аткарылса 2001 га жаңы жер өздөштүрүлөт, 1600 га сууга болгон муктаждыгы жогорулайт. Кара-Буура районундагы **Бахты-Ногой** каналы жана Бакай-Ата районундагы **Кызыл-Жар, Жалпактил** каналдары боюнча Кытай Эл Мамлекети тараптан октябрь айында тендер өткөрүлүшү күтүлүп жатат.

Облусубуздун социалдык өнүгүшүндөгү негизги багыттардын бири болуп облустагы жумушсуздукту азайтуу жана кедейчиликтин деңгээлин төмөндөтүү болуп саналат. Азыркы учурда облустун калкынын жалпы саны 263,0 миң адам болсо, алардын ичинен экономикалык активдүү калктын саны 101,4 миң адамды түзөт.

Иш менен камсыз кылуу боюнча 2019-жылдын 1-январына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 3574 адамды түздү, же болбосо эмгекке жарамдуу калктын 3,4 пайызына барабар болду. Бул көрсөткүч республикабыздын деңгээлине караганда дээрлик 2 эсеге аз [8].

Азыркы учурда, облустун экономикасын жогорулатууда экономиканын тармактарын санариптештирүү маселеси өтө актуалдуу болуп саналат. Анткени, азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө санариптик технологиялар өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүдө өтө маанилүү орунду ээлей тургандыгы ушул тармактардын эксперттери тарабынан айтылууда. Санариптик технологиялардын жайылтылышы аркылуу калктын жана бизнес коомчулугунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө ыңгайлуу шарттарды түзүү менен ар кандай кызматтарды санариптик форматта алуусуна мыкты шарттарды түзүп, аралыкты жана убакытты үнөмдөө менен маалымат алмашууда, санариптик продуктыларды иштеп чыгууда бир топ жеңилдиктерди алууга мүмкүнчүлктөрдү түзөт. Акыркы он жылдыкта дүйнөлүк экономика тездик менен өнүгүүнүн жаңы түрү болгон санариптик экономикага өтүүгө негиз түзүлүп, анын натыйжасында, санариптик технологиялардын жардамы менен өлкөбүз санариптик өлкөгө айланууга кадам таштоодо. Дүйнөнүн алдыңкы делген эксперттеринин божомолуна таянсак,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



2020-жылдарга карата дүйнөлүк экономиканын дээрлик 25% санариптик форматка өтүп, мамлекет менен бизнес коомчулугунун өз ара карым катнашы эффективдүү мүнөзгө ээ болуп, санариптик технологиялардын жайылтылышы масштабдуу жана динамикалык процесске ээ болот.

Мындан улам, 2019-жыл санариптик негиздерди жайылтуу негизги милдетеридин бири болуп саналат. Мында биринчи кезекте облусубуздун аймактарына толугу менен кеңири интернетти пайдалануу мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү зор мааниге ээ болот жана алар аркылуу алардын глобалдык интернет түйүндөрүнөн ишенимдүү, арзан жана эффективдүү маалыматтарын алууларына мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Мындан тышкары, мамлекеттик органдар тарабынан калкка кызмат көрсөтүүлөрүнүн бардыгынын "Түндүк" электрондук өз ара биргелешкен борборуна туташуусу, элибиз үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн заманбап форматта аралыкты жана убакытты үнөмдөө менен, эффективдүү даректүү ар кандай кызмат көрсөтүүлөрдү алууларына шарт түзүлүп берилмекчи.

Белгилей кетүүчү нерсе, бүгүнкү күндө облусубуздун аймагы толугу менен интернет булагы менен камсыз болгон. Ошондой эле облусубуздун аймагындагы социалдык мекемелерге, анын ичинде билим берүү мекемелерине интернет жеткирип берүү боюнча кечиктирилгис иш аракеттер көрүлүүдө.

Жогорудагы көрсөтүлгөн багыттарды иш жүзүнө ашыруу аркылуу Талас облусунун экономикалык жана социалдык жактан келечек өнүгүшүнө зор өбөлгө түзүлмөкчү.

**Адабияттар:**


1. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын улуттук эсептери, 2012-2016-жж. / Жылдык басылмалар. - Бишкек, 2017. - 15-б.; Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасы жана региондору. - Кварталдык басылма, 2018-ж., 4 кв., 2019. - 87-б.; Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы, 2013-2017-жж. / Жылдык басылма. - Бишкек, 2018. - 18-б.
2. Статистикалык жыйнак: Талас облусунун социалдык-экономикалык абалы, 2018-жыл үчүн. - Талас, 2019. - 37-б.
3. Статистикалык жыйнак: Талас облусунун социалдык экономикалык абалы, 2018-жыл үчүн, Талас, 2019. - 17-20-бб.
4. Кыргыз Республикасынын статистикалык башкармасынын Талас облустук башкармасынын маалыматтарынын негизинде алынды.
5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Талас облустук башкармалыгынын маалыматы боюнча алынды.
6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Талас облустук башкармалыгынын маалыматы боюнча алынды.
7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Талас облустук башкармалыгынын маалыматы боюнча алынды.
8. Статистикалык жыйнак: Талас облусунун социалдык-экономикалык абалы, 2018-. үчүн, Талас, 2019. - 37-б.